КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№22** Барскоон айылы

**“Барскоон айыл аймагынын калктуу пунттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү жөнүндө**

Барскоон айыл аймагындагы калктуу пункттардын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү боюнча бирдиктүү тартипти аныктоо максатында Жобонун долбоорун талкуулап, сунуш-пикирлерди эске алуу менен Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Барскоон айыл аймагындагы калктуу пункттардын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү боюнча иштер бекитилген жобого ылайык уюштурулсун.
3. Ушул токтом Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана мониторинг жүргүзүп туруу жагы Барскоон жергиликтүү кеңешинин төрагасы Ч.Ажыбековго тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска

*1-тиркеме*

Барскоон жергиликтүү
кеңешинин 2026-жылдын
22-апрелиндеги №22 токтому
менен бекитилген

**Барскоон айыл аймагынын калктуу пунттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул "Барскоон айыл аймагынын калктуу пунттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө" жобо "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык иштелип чыкты.
2. Ушул Жобо Барскоон айыл аймагынын калктуу пунттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоонун, аталышын өзгөртүүнүн бирдиктүү тартибин белгилейт.
3. Барскоон айыл аймагынын чегинде, анын ичинде калктуу пунктарында атоого же аталышын өзгөртүүгө тиешелүү объектилерге төмөнкүлөр кирет:
    - Жаңы конуштар, кичирайондор жана кварталдар;
    - Көчөлөр (негизги көчөлөр, турак-жай көчөлөрү, өткөөл көчөлөр, чолок көчөлөр, туюк көчөлөр);
    - Аллеялар, скверлер жана бульварлар;
    - Аянттар;
    - Муниципалдык менчиктеги объектилер (мекеме-ишканалар, спорттук жана маданий жайлар, курулуш же өндүрүштүк объектилер).
4. Барскоон айыл аймагынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоодогу негизги талаптар:
    - Аталыш берүүдө же аталышын өзгөртүүдө ошол объектинин аймагында жашаган тургундардын 50% кем эмес жашоочуларынын макулдугу;
    - аймактын тиешелүү бөлүгүнүн географиялык, тарыхый, шаар куруучулук жана башка өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келиш керек;
    - аймактын көчөлөрүнүн жана башка курамдык бөлүктөрүнүн эң маанилүү жеке мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү;
    - айтууда уккулуктуу жана ыңгайлуу болушу керек;
    - жазуу жана сүйлөө эрежелеринин адабий ченемдерине шайкеш келтирүү;
    - жаңы атоолор колдонуудагы атоолорду кайталабашы керек;
    - Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын курамдык бөлүктөрүнүн жаңыдан пайда болгон же аты жок гана көчөлөрүндө атоо жүргүзүлөт.
    - Кыргыз элинин улуттук тарыхын, маданиятын, салт-санааларын чагылдырган атоолорго артыкчылык берилет.

## II. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө сунуш киргизүү тартиби

5. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоолор, аталышын өзгөртүү төмөнкүлөрдүн сунуштары боюнча ишке ашырылат:
    - Барскоон айыл аймагында жашаган жери боюнча каттоого турган Кыргыз Республикасынын жарандарынан турган демилгечи топ. Барскоон айыл аймагынын

калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү боюнча жарандардын демилгелери 5 кишиден кем эмес сандагы демилгелүү топту түзүү жолу менен ишке ашырылат;

- коомдук уюмдардын;
- муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;
- Барскоон айыл аймагында белгиленген тартипте каттоого турган жана өз ишин жүргүзгөн юридикалык жактардын.

6. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө сунуш Барскоон айыл өкмөтүнүн Башчысынын атына жазуу жүзүндө ушул Жобонун 5-пунктунда көрсөтүлгөн тараптар (мындан ары – демилгечилер) тарабынан киргизилет.
7. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоонун, аталышын өзгөртүү жөнүндө сунушка демилгечилери тарабынан төмөнкү документтер берилет:
   - Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч кат;
   - сунушталган атоонун географиялык жана тарыхый-маданий негиздемеси;
   - көрүнүктүү адамдардын элесин түбөлүккө калтырууда алардын өмүрү, ишмердиги жөнүндө баяндалган биографиялык маалыматтарды тастыктаган документтер тиркелет жана алардын сиңирген эмгеги, ошондой эле мурастоо укугуна ээ үй-бүлөсүнүн жана туугандарынын (бар болсо) макулдугу көрсөтүлөт;
   - эгер өтүнүч кат менен демилгелүү топ кайрылган учурда кол коюу барагы. Кол коюу барагына демилгелүү топтун мүчөлөрү өздөрүнүн аты-жөнүн, өздүгүн тастыктаган документтеги маалыматтарды (номерин, өздүгүн тастыктаган документ ким тарабынан жана качан берилгенин), жашаган жеринин дарегин көрсөтөт, кол коюп, аны киргизүү күнүн белгилешет. Кол коюу барагы кол топтоону ишке ашырып жаткан демилгелүү топтун мүчөсү тарабынан күбөлөндүрүлөт.
8. Өтүнүч кат төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:
   - болжолдонгон атоону;
   - Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрү жана башка курамдык бөлүктөрү жайгашкан жери белгиленген карта-схемасы;
   - Аты коюлуп же өзгөртүлүп жаткан көчөдө, башка курамдык бөлүктө жашаган жашоочулардын макулдугу;
   - Аты коюлгандан соң, демилгечилер тарабынан объектини кароо, оңдоп-түзөө боюнча аткара турган иштери боюнча милдеттенмелери;
   - Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоону, аталышын өзгөртүү сунушташкан демилгечилер жөнүндө маалыматты, алардын даректерин, телефондорун.

## III. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алуу тартиби

9. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө келип түшкөн өтүнүч кат 3 жумуш күнүнүн аралыгында Барскоон айыл өкмөтүнүн сайтына тургундарды кабарландыруу жана пикирин билүү үчүн жайгаштырылат. Өтүнүч кат тургундардын назарына социалдык тармактар, WhatsApp топтору жана башка байланыш каражаттары аркылуу жеткирилиши мүмкүн. Тургундарды сурамжылоо мөөнөтү – Барскоон айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылган күндөн тартып бир айдан кем эмес убакытта жүргүзүлөт.
10. Барскоон айыл өкмөтү Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч кат келип түшкөн күндөн тартып бир ай аралыгында тиешелүү иштерди жүргүзүүгө чыгымдарды эсептейт.
11. Барскоон айыл өкмөтү Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч катты ар тараптуу карап чыгып, чыгымдарды эсептегенден кийин тургундарды сурамжылоонун жыйынтыгын эске алуу менен Барскоон жергиликтүү кеңешине сунуштун негиздемеси жана чыгымдардын эсеби менен өтүнүч кат жөнөтөт.

12. Барскоон жергиликтүү кеңеши атоо жана аталышын өзгөртүү жөнүндө сунушту иридe туруктуу комиссияда карап, алардын корутундусу жалпы сессияда каралат.
13. Барскоон жергиликтүү кеңеши сунушту жактырган учурда тиешелүү чечим чыгарат, анын негизинде Барскоон айыл өкмөтү аталган объектини атоо жана аталышын өзгөртүү боюнча иштерди жүргүзөт.

## IV. Корутунду жобо

14. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт.
15. Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүүгө кеткен чыгымдар Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин каражатынын же демилгечилердин эсебинен жүргүзүлөт.
16. Барскоон Айыл өкмөтү демилгечи тараптарга объектини атоо же өзгөртүү боюнча келип чыккан чыгымдарды каржылоону, объект аталган соң ошол жерди келечегинде ирээтке салып, карап туруу, көрктөндүрүү, жашылдандыруу же жарыктандыруу боюнча милдеттерди аткаруусун тапшырууга укуктуу.